***DOI:10.26104/NNTIK.2023.76.17.070***

*Уринбаева Б.Х., Канназарова Б.У.*

# ӨЛКӨДӨГҮ ИЧКИ ЖАНА ТЫШКЫ МИГРАЦИЯНЫН ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООГО ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Уринбаева Б.Х., Канназарова Б.У.*

# ВЛИЯНИЕ ВНУТРЕННЕЙ И ВНЕШНЕЙ МИГРАЦИИ В СТРАНЕ НА ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ В СЕМЬЕ

*B. Urinbaeva, B. Kannazarova*

# THE INFLUENCE OF INTERNAL AND EXTERNAL MIGRATION IN THE COUNTRY FOR THE UPBRINGING OF CHILDREN IN THE FAMILY

*«От правильного воспитания детей,*
*зависит благосостояние народа»*
***Джон Локк.***

*УДК: 37.018.11*

*Бул макалада биз өзүбүздүн региондогу Баткен облусунун Сүлүктү шаары жана Лейлек районундагы орто мектептерде ата-энеси миграцияда жүргөн балдардын саны жана алардын үй-бүлөдөгү тарбиясы, билим алуусу жана алардын натыйжалары, миграциянын тийгизген таасири тууралуу жазылды. Эксперимент катары Лейлек районунун Раззаков шаарындагы Токтогул атындагы орто мектебиндеги башталгыч классынын окуучуларынан жана ата-энелерден сурамжылоо жүргүзүлдү, жыйынтыгы көрсөтүлдү. Макалада баланын толук кандуу тарбия алып инсан катары коомго кошулуусуна ата-эненин орду жана ролу чон экендиги белгиленди. Анткени ата-энесиз өскөн балдардын физикалык жана психикалык абалында миграциянын терс таасирлери тийгенин байкоого боло тургандыгы жыйынтык катары чыгарылды. Макаланы жазууга аймактагы миграция маселеси жана кароосуз калган балдардын билим алуусу жана тарбиясынын абалы түрткү болду.*

***Негизги сөздөр**: миграция, мигрант, үй-бүлө, тарбия, ата-эне, коом, жумушсуздук, экономика, кароосуз калган балдар, зордук-зомбулук.*

*В этой статье мы писали о количестве детей – мигрантов в средних школах города Сулюкты и Лейлекского района Баткенской области и влияние миграции на семейное воспитание и образование детей. Были проведены и представлены результаты экспериментального опроса учеников и родителей начального класса средней школы имени Токтогула в городе Раззакова Лейлекского района. В статье подчеркивается важная роль родителей в полноценном воспитании ребенка и интеграции его в обществе. В результате был сделан вывод воспитание без родителей, или без отца вырос, которые родители развелись, негативно влияет на физическое и психическое состояние ребенка. Написании статьи было мотивировано вопросом миграции в регионе и состоянием образования и воспитания безнадзорных детей.*

***Ключевые слова:** миграция, мигрант, семья, воспитание, родитель, общество, безработица, экономика, базнадзорные дети, насилие.*

*In this article, we wrote about the number of migrant children in secondary schools in the city of Sulukta and Leilek district of Batken oblast and the impact of migration on family upbringing and education of children. The results of the survey of primary school students of the Toktogul secondary school in the city of Razzakov, Leilek region, were presented. The article emphasizes the important role of parents in the full-fledged upbringing of a child and his integration into society. As a result, it was concluded that parenting without parents negatively affects the physical and mental state of the child. The writing of the article was motivated by the issue of migration in the region and the state of education and upbringing of neglected children.*

***Key words:** migration, migrant, family, upbringing, parents. society, unemployment, economy, street children, violence.*

Баарыбызга белгилүү болгондой өлкөбүздөгү ички жана сырткы миграция өзгөчө маселелерден болуп саналат. Бул маселенин келип чыгышына Кыргызстанда гана эмес деги эле Борборук Азиядагы өлкөлөрдүн экономикалык маселелери себеп болуп турат. Өлкөбүздөгү массалык жумушсуздуктун айынан көптөгөн кыргызстандыктар өз айылын таштап чон шаарларга же борборго көчүүгө же өз өлкөсүн таштап башка өлкөгө жумуш издеп кетүүгө аргасыз болушууда. Өлкөдөгү бул жагдай ички жана сырткы миграциянын күч алуусуна шарт түзүп койду. Өкүнүчтүүсү миграцияга кабылган жарандарыбыз турмуш-тиричилигин материалдык жактан камсызоо максатында жумуш издеп, үй-бүлөдө бала-чакасын туугандарына жана тааныштарына таштап кетүүгө аргасыз жана балдар ата-энесинен алыс башка үй-бүлөлөрдө тарбияланууга мажбур болууда. Бул бүгүн коом алдында чон маселени жаратып, ата-энесинин алыс тарбияланган балдардын келечеги кандай болот деген ой келбей койбойт.

Биз Баткен мамлекеттик университетинин (БатМУ) А. Машрабов атындагы Сүлүкү гуманитардык-экономикалык институтунун студенти Бибирисола Уринбаева жана илимий жетекчим ага окутуучусу Б.У Канназарова эжеке менен биргеликте өзүбүздүн региондогу Сүлүктү шаары жана Лейлек районундагы ата-энеси башка жакка жумуш издеп кеткен миграттардын башталгыч мектеп курагындагы балдары боюнча изилдөө жүргүзүп көрдүк. Изилдөөбүздүн негизги максаты ата-энесиз туугандардын колунда өскөн балдардын абалын аныктоо болду. Бүгүнкү күндө миграциянын кесепетинен Кыргызстандын территориясында жашаган бир канча бала ата-

энесиз, туугандарында же балдар үйүндө жашап, тарбияланып келет. Өзгөчө бул көрүнүш региондордо болууда. Себеби өлкөдөгү экономикалык кризис, жумушсуздук айыл жеринде жашаган элдерде көп катталууда. Өзгөчө Баткен облусунун Лейлек району жана Сүлүктү шаарында мигранттар Бишкек шаарына, чет өлкөлөрдөн Орусия мамлекетине барып иштеп келишет. Учурда Баткен облусунун Лейлек району боюнча мектеп курагында 2022-жылдагы маалымат боюнча 2745, Сүлүктү шаары боюнча 220 бала, жалпы 2965 бала ата-энеси мирациялап кетип, чон ата, чон энесинде, туугандарында же тааныштарынын колунда тарбияланууда. Бул боюнча маалыматты 1-2-таблицаларда  көрүүгө болот [1].

Албетте, баланын толук кандуу инсан катары калыптануусуна жок дегенде ата-энесинин бирөөсү жанында болуусу керек. Ата-эненин сүйүүсү, мээрими, жакшылыгын сезип чонойгон баланын жан дүйнөсү толук болот эмеспи. Ата-энеси таштап кеткен балдар алардын сүйүүсүнөн, мээриминен, тарбиясынан ажырап, кээде ата-энесин тааныбай да калган учурлар катталат. Бул баланын башка толук кандуу үй-бүлөдө тарбияланган балдар менен байланышуусунда психологиялык терс таасирин албетте берет.

Ата-энесиз тарбияланган балдардын тарбиясынын жыйынтыгын азыр эле көрүүгө болот. Мисалы, тез ачууга алдырган жаштар, өспүрүмдөр арасында агрессивдүү кылмыш иштеринин өсүшү, билим алуусунун төмөндүгү, үй-бүлө институтунун бузулушу, улууларды сыйлабоосу ж.б.у.с. Азыр ата-энесиз өскөн балдар кыжырдануу, ачуулануу жана жокчулук абалында өскөн балдардын саны азайгандан көрө тескерисинче көбөйүп жатат. Мындай көрүнүштүн алды азыр олтуттуу маселе катары каралбай калса өлкөбүздүн келечеги кандай болот? деген суроо жаралат.

Негизи эле балдар ата-энесинен алыс жашоону каалашабы же жокпу деген суроонун үстүндө иштеп көрдүк. Биз өзүбүздүн изилдөөбүздө Раззаков шаарындагы Токтогул атындагы орто мектебинин 2-классынын окуучуларынан сурамжылоо жүргүздүк. Сурамжылоого жалпы 20 окуучу катышты. Окуучулардын 11 кыз бала, 9 уул балдар. Сурамжылоодо төмөндөгүдөй суроолор берилди:

1. Ата-энеңердин силерди башка бирөөгө таштап, чет жакка жумушка кетүүсүн каалайсынарбы?
2. Үйдө өзгөчө кимдин болушун каалайсын?
3. Туугандарыңдын үйүндө жашагын келеби?
4. Ата-эненер силерди туугандарга таштап кетүүдө силердин оюунарды угабы?

Жыйынтыгында окуучулар баары 100% ата-энесинин чет жака кетүүсүн каалабагандыгын, үйдө дайыма энесин, атасын көргүсү келгендигин, аларды тез сагынарын, жакшы көрөрүн жана туугандарынын үйүндө жашагысы келбегендигин айтышты. Ал эми көпчүлүгү ата-энеси балдар менен кенешип иш кылбагандыгын белгилешти.

Ушундай эле сурамжылоого ата-энелерден да сурап көрдүк. Сурамжылоого 20 ата-эне катышты. Ата-энелер үчүн төмөндөгүдөй суроолор берилди.

1. Сиз балдарын таштап миграциялап кеткен ата-энелерге кандай карайсыз?
2. Мигранттардын балдары бактылуу деп эсептейсизби?
3. Ата-энесиз өскөн балдардын жашоого болгон көз-карашына кандай таасир берет?
4. Сиз кандип ойлойсуз. Бул маселеге ким күнөөлүү?
5. Балдарды чет өлкөдө ата-энеси менен бирге тарбиялануусунан көрө туугандарыныкында тарбиялангандыгы туура деп ойлойсузбу?

Ата-энелердин 68%ы миграцияга каршылыгын көрсөтүштү. Ата-энелер арасында дагы мигранттар өз ыктыяры менен балдарын таштабагындыгын ага бүгүнкү күндөгү өлкөдөгү жумушсуздук жана эмгек акынын аздыгы себеп экендигин белгилешти. Эгерде жумуш оруңдары болуп, жакшы эмгек акы төлөнсө алар үй-бүлөдө балдарынын эле жанында олтурмагын айтышты. Демек бүгүнкү күндөгү региондогу социалдык-экономикалык абалдын көрсөткүчүнүн төмөндүгү балдардын ата-энесиз тарбиялануга мажбурлоодо.

Ар бир ата-эне мигрант болуунан мурда баланын да жан дүйнөсүнө саресеп салуусу керек. Эн оболу үй-бүлөнү бириктирип турган бала. Бардык ата-эне баласы үчүн жашайт эмеспи. Үй-бүлөдө бала үчүн атанын да эненин да орду чон. Туугандарынын колунда калган балдар ар кандай зордук-зомбулуктарга да дуушар болуп келишет.

Негизи толук кандуу үй-бүлө институтунун бузулушу баланын психологиялык абалына чон таасир берет:

1. Бала ата-энесин сагынып куса болот;
2. Бала депрессияга түшүшү мүмкүн;
3. Толук кандуулугу жок болот;
4. Бала өзүмчүл болуп калышы мүмкүн;

**Кандай тагдырарга жолугушу мүмкүн:**

1. Зордук-зомбулукка туш болуу;
2. Туура эмес чөйрөгө кошулуп кетүү коркунучу (алкоголь, наркомания, кылмыштуу топ ж.б.);
3. Суицидке баруу ж.б.у.с.

Өсүп келе жаткан жаш муундун башынан өткөргөн маселеси бул өлкөнүн экономикалык абалынан жаралган социалдык, маданий-этникалык негизги маселе. Бүгүнкү күндө бул маселени изилдебей жана чечпей коюу менен жакынкы келечекте анын негативдүү жыйынтыгын берет деп ойлойм. Азыркы учурда бул маселени мамлекеттик денгээлде карап, моралдык жактан туура тарбияланган балдарды тарбиялоону колго алуу керек.

XX кылымдын орус педагогу А.С. Макаренко

айткан: Балдарды тарбиялоо – биздин жащообуздагы негизги милдет. Биздин балдар – биздин өлкөнүн, дүйнөнүн келечеги. Алар тарыхты жаратышат. Биздин балдар – келечектеги ата жана эне, алар да балдарын тарбиялашат. Бул гана эмес: биздин балдар – биздин карылыгыбыз. Балдарга туура тарбия берүү – бул биздин бактылуу карылыгыбыз. Туура эмес тарбия берүү – ал биздин кайгыбыз, көз жашыбыз. Туура эмес тарбия ата-эненин башкалар жана өлкө алдындагы жоопкерчилиги [2, 118-б.].

Ата-эне баласын материалдык жактан толук камсыз кылганы менен руханий тарбия үзгүлтүккө учурап жатпайбы. Мурда деле чон ата-чон энелер неберелерин карап өстүрүп келишкен. Алар берген тарбия менен өскөн балдар турмуш-тиричиликке тын келишкен. Бирок бүгүнкү күндөгү шарт, курчап турган дүйнө такыр башкача. Ар бир балаган өзгөчө мамиле жасоону талап кылат. Биз айтайын дегенибизм биз коом алдында мирацияда жүргөн ата-энелердин балдарына өзгөчө мамиле жасоону, көнүл буруунү унутпасак. Ата-энесине куса болуп жүргөн балдарга мээримге, сүйүүгө, көнүл буруугa муктаж.

*Таблица 1*

**Миграцияда жүргөн ата-энелердин балдарын боюнча маалымат.** ***Сүлүктү шаары боюнча:***

| к/№ | Мектептердин аталышы | Ата-энеси миграцияда жүргөн балдардын саны |
|---|---|---|
| 1. | №1. В.И. Ленин | 65 |
| 2. | №2 Токтогул атындагы техникалык лицейи | 5 |
| 3. | №3. Т. Ибрагимов | 8 |
| 4. | №4. Р. Жолбаев | 21 |
| 5. | №5. Т. Рустамов | 25 |
| 6. | №6. Кольцо | 21 |
| 7. | №7 И. Раззаков | 31 |
| 8. | №8 Т. Бектемиров | 23 |
| 9. | №9 Н. Кушматов | 21 |
| | **Жалпы** | 220 |

*Таблица 2*

**Миграцияда жүргөн ата-энелердин балдарын боюнча маалымат.** ***Лейлек району боюнча:***

| к/№ | Мектептердин аталышы | Ата-энеси миграцияда жүргөн балдардын саны |
|---|---|---|
| 1. | Кыргызстандын 60 жылдыгы | 143 |
| 2. | Б. Набиев | 170 |
| 3. | Достук | 78 |
| 4. | Хамза | 54 |
| 5. | №3 гимназия | 52 |
| | **Жаныжер а/О** | **497** |
| 6. | Бабур | 56 |
| 7. | А.Бобохонов | 47 |
| 8. | А.Файзиев | 113 |
| 9. | А. Момунов | 1 |
| 10. | Лайли | 8 |
| | **Бешкент а/О** | **225** |
| 11. | Ш. Ташполотов | 21 |
| 12. | М. Баетов | 20 |
| 13. | М. Юлдашев | 38 |
| 14. | Г. Усенов | 1 |
| | **Маргун а/О** | **80** |
| 15. | Кыргызстан 40 жылдыгы | 27 |
| 16. | В.И. Ленин | 63 |
| 17. | №2 гимназия | 20 |
| 18. | Т. Жолдошев | 59 |
| 19. | И. Раззаков | 31 |
| 20. | Бел-Алма | 89 |
| 21. | Булак-башы | 34 |
| 22. | Максат | 34 |
| | **Кулунду а/О** | **330** |
| 23. | О. Матмурадов | 72 |
| 24. | А. Шаматов | 23 |
| 25. | Ю. Пулатов | 9 |
| 26. | Курулуш | 6 |
| 27. | Ак-Суу айыл. мектеп | 190 |

| | | |
|---|---|---|
| | **Ак-Суу а/О** | **300** |
| 28. | Б. Саттаркулов | 14 |
| 29. | Б. Боронбаев | 9 |
| 30. | Сары-Добо | 11 |
| 31. | Андарак | |
| 32. | Андарак -2 | 146 |
| 33. | Манас | 47 |
| 34. | Дейноо | 11 |
| | **Сумбула а/О** | **238** |
| 35. | Н. Батыров | 13 |
| 36. | Кара-Булак | 31 |
| 37. | Жаш тилек | 23 |
| 38. | Маданият | 25 |
| 39. | Тогуз-Булак | 50 |
| | **Тоуз-Булак а/О** | **142** |
| 40. | К. Сабыров | 12 |
| 41. | Ак-терек | 17 |
| 42. | Б. Эралиев | 15 |
| 43. | Лейлек | 17 |
| | **Лейлек а/О** | **61** |
| 44. | Кой таш | 14 |
| 45. | О. Сапаров | 36 |
| 46. | Катран | 12 |
| 47. | Өзгөрүш | 9 |
| 48. | Жаны турмуш | 31 |
| 49. | №5 гимназия | 6 |
| 50. | Эпкин | 5 |
| 51. | Асти добут | 4 |
| | **Катыран а/О** | **117** |
| 52. | Самат | 12 |
| 53. | Т. Жапаров | 27 |
| 54. | Амир Тимур | 76 |
| 55. | Токтогул | 24 |
| 56. | Ю.А. Гагарин | 111 |
| 57. | №1 гимназия | 26 |
| 58. | Исфана | 302 |
| 59. | Тайлан | 23 |
| 60. | А. Навои | 79 |
| 61. | Ысык-кол | 7 |
| 62. | К. Казыев | 46 |
| 63. | №4 гимназия | 6 |
| 64. | Беш-бала | 2 |
| 65. | Ак-булак | 8 |
| 66. | Д. Жороев | 6 |
| | **Исфана ш/Б** | **755** |
| | **Жалпы:** | **2745** |

**Адабияттар:**


1. Сүлүктү шаардык жана Лейлек райондук билим берүү бөлүмүнөн алынган маалыматтар.
2. Михещенко А.Л., Семейная педагогика: антология педаго-гической мысли. – Курган, 2011.
3. Канназарова Б.У., Полотова А., Акматова Т.М. Образцовая жизнь в системе образования. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 2. С. 196-199.